Кыргыз тили

9-класс

Кутман күнүңөр менен!



Божомолдогула. Сүрөттөр эмне жөнүндө?



Сабакта ким тууралуу сүйлөшөбүз?



Сабактын темасы:

Жусуп Баласагындын «Кут билим» чыгармасы жөнүндө


Грамматикалык материал:

Каратма сөздөрдү колдонуу

Бүгүн сабакта:

1. Каратма сөздөрдү кебиңерде колдонуп, Жусуп Баласагын жөнүндө айтып бересиңер.
2. Анын “Кут билим” чыгармасынан дарыгерге мамиле тууралуу үзүндү окуп, ыр саптарынын маанисин чечмелейсиңер.
3. Азыркы учурда дарыгерге мамиле кандай? деген суроонун тегерегинде ойлонуп, өз алдынча жыйынтык чыгарасыңар.

Эсиңерге салгыла!



Каратма сөздөр деген эмне?

Бирөөгө тике арналып, чакыруу иретинде айтылган сөздөр каратма сөз деп аталат.

Мисалы:

Балдар, силер Жусуп Баласагын тууралуу эмнелерди билесиңер?

Жусуп Баласагын улуттук валютанын 1000 сомдук номиналында бар.



Бишкек шаарында Жусуп Баласагын атындагы кыргыз улуттук университети бар.



Суроолорго жооп бергиле.

1. Жусуп Баласагын качан, кайсы жерде туулган?
2. Анын кандай чыгармасын билесиң?
3. «Кут билим» чыгармасы эмне жөнүндө? Окудуң беле?

Сабактын активдүү сөздөрү

кылым
ойчул
ата-бабалар
муундан-муунга
кесел
даба табат
жолдош
душман

Жусуп Баласагын тууралуу маалымат менен таанышкыла. Суроолорго жооп издегиле.

1. Жусуп Баласагын качан, кайсы жерде туулган?
2. Анын кандай чыгармасы бар?
3. «Кут билим» чыгармасы эмне жөнүндө?

кылым

XI кылымда жашаган улуу акын.



ойчул

Өз заманынын ашкан билимдүү ойчулу.

Жусуп Баласагын – XI кылымда жашаган улуу акын. Ал Чүйдүн Токмокко жакын жеринде туулуп өскөн. Өз заманынын ашкан билимдүү ойчулу Жусуп көптөгөн чыгармаларды жазган. Бирок, азыркы кезде бизге анын бир гана чыгармасы белгилүү. Ал өзүнүн «Кут билим» («Кутадгу билиг») аттуу 13000 саптан турган чыгармасын эски түрк тилинде, 1069–1070-жылдары 18 айдын ичинде жазган.

«Кутадгу билиг» деген сөздү эски түркчөдөн которгондо куттуу, бактылуу, таалайлуу адам болуу дегенди билдирет. Бул дастан акылмандыкка жол көрсөтөт, адамды, жаратылышты сыйлоого чакырат. Жусуп Баласагын бул эмгегинде тартип эрежелерин, ал тургай адам өзүн кантип алып жүрүшү керек экендигине чейин баяндап айткан.

ата-бабалар



Биздин ата-бабаларыбыз

муундан-муунга



Ал тарбия муундан-муунга уланып биздин күнгө жеткен.

Биздин ата-бабаларыбыз дал ушундай касиеттүү сөздөрдөн тарбия алган. Ал тарбия муундан-муунга уланып биздин күнгө жеткен. Даңктуу дастандын кириш бөлүмүндө ал Баласагын шаарында туулгандыгы, дастанын Кашкарда жазып бүтүрүп, Табгач ханга (Кашгар ханы) тартуулагандыгы, ушул эмгеги үчүн “хасхажит” деген наамга ээ болгондугу айтылган.

Каратма сөздөрдү колдонуп, текст боюнча 5 суроо түзгүлө.

Мисалы,

1. Акылай, сен Жусуп Баласагын кайсы жерде туулуп өскөнүн билесиңби?
2.
3.
4.
5.



Божомолдогула.

«Дарыгерлерге мамиле» деген ыр эмне жөнүндө деп ойлойсуңар?

мансап

Мансап (араб жана иран тилдеринен «**мансаб**» деген сөздөн алынган) коомдук, илимий же башка иш боюнча ийгиликке бат жетип, атак-даңк, материалдык пайдага ээ болуу.

кесел



кесел = оору

Адамдын түрлөрү бар, дагы канча,
Иштери, мансабы да башка-башка!
Таанып ал арасынан дарыгерди,
Айыктырат кеселден алар элди.
Ойлосоң, булар сага керектүүлөр,
Буларсыз жолуң болбойт басып жүрөр.

даба табат = айыктырат

Ал эми дарыгер кеселге даба табат.

жолдош = дос

Оору жолдош өлүмгө, жолун туткан.

душман = кас

Өлүм болсо – өмүргө чексиз душман.

Сопсоо туруп кээде адам ооруп калат.

А дарыгер кеселге даба табат.

Оору жолдош өлүмгө, жолун туткан.

Өлүм болсо – өмүргө чексиз душман.

Дарыгерди сыйлагын, достошо жүр,

Элге керек, айтканын аткара бил.

Адамдын түрлөрү бар, дагы канча, Иштери, мансабы да башка-башка!

Дүйнөдө көп адамдар бар, алардын иштери, кесиптери, социалдык абалы ар башка.

Сопсоо туруп кээде адам ооруп калат. А дарыгер кеселге даба табат.

Адамдар кээде ооруп калат, ал эми дарыгер адамдын эмне менен ооругандыгын билип, дарылайт, айыктырат.

Дарыгерди сыйлагын, достошо жүр,
Элге керек, айтканын аткара бил.

Дарыгерди сыйлаш керек, анын айткандарын аткарыш керек.

Суроолорго ойлонуп жооп бергиле.

1. Ыр эмне жөнүндө жазылган?
2. Ырда дарыгерлерге кандай мамиле тууралуу айтылат?
3. Бардык эле адамдар дарыгерлерге жакшы мамиле жасайбы?

Бул саптар эмнени түшүндүрөт?
Өз сөзүңөр менен түшүндүрүп жазгыла.

1. Таанып ал арасынан дарыгерди,
   Айыктырат кеселден алар элди.

2. Ойлосоң булар сага керектүүлөр,
   Буларсыз жолуң болбойт басып жүрөр.

Сөздөрдүн антонимдерин тапкыла.



жолдош

дос

ден соолук

туулган

өмүр

Сөздөрдүн антонимдерин текшергиле.

жолдош – душман

дос – кас

ден соолук – оору

туулган – өлгөн

өмүр – өлүм

Балдар, дарыгерлерге кандай мамиле кылыш керек деп ойлойсуңар?
Кайсы ойго кошуласыңар?
Эмне үчүн?

1. Менимче, дарыгерлерге жакшы мамиле кылыш керек, анткени алар адамдардын ден соолугун дарылайт.



2. Менин оюмча, дарыгерге жакшы мамиле кылбаса деле болот, анткени адамдарга жардам берүү – алардын милдети.



Кайсы ойго кошулганыңарды түшүндүргүлө.

Үлгү:

«Менимче, дарыгерлерге жакшы мамиле кылыш керек, анткени алар адамдардын ден соолугун дарылайт» деген ойго кошулам. Себеби, ден соолук – эң керектүү байлык. Ден соолук үчүн кам көрүү – дарыгердин милдети. Ал милдетин мыкты аткарган дарыгерлерге биздин жакшы мамилебиз чоң колдоо болот.

Кызыктуу маалыматтар менен таанышкыла.

Балдар, силер билесиңерби…



Азыркы учурда Жусуп Баласагындын "Куттуу билим" поэмасынын үч нускасы сакталып турат.

1. Австрияда Вена шаарында;
2. Египеттин борбору Каир шаарында;
3. Өзбекстанда Наманган шаарында.

https://kutbilim.kg

«Кут билим» коомдук-билим берүү жана илимий-популярдуу гезити Жусуп Баласагындын чыгармасынын аталышын алып жүрөт.

"Кут Билим" окуу-тарбия комплекси бар.

Чүй облусунун Аламедин районундагы Байтик айылында **"Кут Билим" окуу-тарбия комплекси бар.**

Дагы кайсы уюмдар "Кут Билим" деген аталышта? Билесиңерби?

Өз алдынарча аткаргыла.

1. «Дарыгерлерге мамиле» ырынан окуган үзүндү жөнүндө, андан алган таасирлер жөнүндө оюңду жазып, билдир.
2. Азыркы учурда дарыгерлик кесип актуалдуу экендиги жөнүндө ойлонуп, жыйынтык чыгарып жаз.

Таяныч:

Менин оюмча, …

Жусуп Баласагындын ырында …

Азыркы учурда …

Жыйынтыктаганда, …

Өзүңөрдү баалагыла.



Саламатта калгыла!